КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
БИШКЕК ШААРДЫК КЕҢЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
БИШКЕКСКИЙ ГОРОДСКОЙ КЕНЕШ

# ТОКТОМ
# ПОСТАНОВЛЕНИЕ

2026-ж. 31-март № 90
датасы, дата
Бишкек шаары, город Бишкек

**Бишкек шаарынын аймагындагы муниципалдык автотоктотмолордун жана авто коюу жайларынын иш-аракеттерин жөнгө салуу маселелери жөнүндө**

Бишкек шаарындагы автотоктотмолор жана авто коюу жайлары менен байланышкан маселелерди жөнгө салуу, ошондой эле транспорт системасы үчүн жагымдуу чөйрөнү түзүү максатында, «Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 34-беренесине ылайык, Бишкек шаардык кеңеши

**ТОКТОМ КЫЛАТ:**

1. Төмөнкүлөр бекитилсин:

Бишкек шаарынын муниципалдык автотоктотмолору жана авто коюу жайлары жөнүндө жобо 1-тиркемеге ылайык;

Бишкек шаарынын муниципалдык автотоктотмолорунда жана авто коюу жайларында автотранспорт каражаттарын токтотуу жана коюу үчүн акылардын өлчөмү 2-тиркемеге ылайык;

Бишкек шаарынын акы алуунун жана сааттык тариф боюнча убакытты эсепке алуунун автоматташтырылган системасы бар муниципалдык автотоктотмолорунда автотранспорт каражаттарын токтотуу үчүн акылардын өлчөмү 3-тиркемеге ылайык.

2. Бишкек шаарынын мэринин тийиштүү маселени жетектеген орун басарына жана «Шаардык жол-транспорттук инфратүзүм» муниципалдык ишканасынын директоруна бюджеттин киреше бөлүгүнүн толук жана өз убагында аткарылышы, ошондой эле ушул токтомду ишке ашыруу үчүн жеке жоопкерчилик жүктөлсүн.

3. Бишкек шаарынын мэриясы:

ушул токтомдон келип чыгуучу башка тиешелүү чараларды көрсүн;

жалпыга маалымдоо каражаттарында жана Бишкек шаарынын мэриясынын расмий сайтына чагылдырууну камсыздоо менен жарандарды жана коомчулукту кабыл алынган токтом жөнүндө маалымдасын;

Бишкек шаардык кеңешинин турак жай-коммуналдык чарба, отун-энергетикалык комплекси, транспорт, коммуникациялар жана экология боюнча туруктуу комиссиясына квартал сайын ушул токтомду аткаруунун жүрүшү жөнүндө, анын ичинде ишкананын бюджетинин финансылык көрсөткүчтөрү тууралуу маалымат берсин.

4. Ушул токтом каттоодон өткөрүлсүн жана Ченемдик укуктук актылардын мамлекеттик реестрине киргизүү үчүн Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигине жөнөтүлсүн.

5. Төмөнкүлөр күчүн жоготту деп таанылсын:

1) Бишкек шаардык кеңешинин 2010-жылдын 3-декабрындагы № 206 «Бишкек шаарынын муниципалдык автотоктотмолорунда автотранспортту токтотуп коюу үчүн жыйымдын ченин бекитүү жөнүндө» токтому;

2) Бишкек шаардык кеңешинин 2016-жылдын 30-июнундагы № 197 «Бишкек шаарында жыйымдарды, токтотмолорду жана унаа туруктарды башкаруу тартиби жөнүндө» токтому;

3) Бишкек шаардык кеңешинин 2020-жылдын 19-февралындагы № 151 «Бишкек шаарынын аймагында муниципалдык акы төлөнүүчү токтотмолорду уюштуруу тартиби жана шарттары жөнүндө убактылуу жобону бекитүү тууралуу» токтому.

6. Ушул токтомдун аткарылышын контролдоо Бишкек шаардык кеңешинин муниципалдык менчик, жер маселелери, шаар куруу жана архитектура боюнча, турак жай-коммуналдык чарба, отун-энергетикалык комплекси, транспорт, коммуникация жана экология боюнча, Бишкек шаарына жаңы кошулган аймактарды жакшыртуу маселелери боюнча, экономика, бюджет, финансы жана инвестициялар боюнча туруктуу комиссияларына, ошондой эле Бишкек шаарынын мэрине (А. Дж. Джунушалиев) жүктөлсүн.

7. Ушул токтом расмий жарыяланган күндөн тартып жети күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.

**Бишкек шаардык кеңешинин төрагасы** **Б. Усеналиев**

Бишкек шаардык кеңешинин
2026-жылдын «31» 03.
№ 90 токтомуна
1-тиркеме

**Бишкек шаарынын муниципалдык**
**автотоктотмолору жана авто коюу жайлары**
**жөнүндө жобо**

## 1-глава. Жалпы жоболор

1. Ушул Бишкек шаарынын муниципалдык автотоктотмолору жана авто коюу жайлары жөнүндө жобо (мындан ары – Жобо) Бишкек шаарынын аймагында жайгашкан автотоктотмолорду жана авто коюу жайларын уюштуруу жана пайдалануу тартибин жөнгө салат.

2. Бишкек шаарынын муниципалдык автотоктотмолору жана авто коюу жайлары (мындан ары - автотоктотмолор жана авто коюу жайлары) транспорт каражаттарын уюштуруу менен убактылуу жайгаштыруу, автомобиль жолдорунун өткөрүү жөндөмдүүлүгүн жана жол кыймылынын коопсуздугун жогорулатуу максатында түзүлөт.

3. Ушул Жободо төмөнкүдөй түшүнүктөр колдонулат:

**автотоктотмо** – атайын белгиленген, жасалган жана жабдылган, анын ичинде автомобилдик жолдордун бөлүгү болуп саналган жана белгиленген чектери менен акы төлөө негизде транспорт каражаттарын уюштуруу үчүн арналган орун;

**токтотуу убактысы** - транспортту токтотуу ордуна коюу убактысынын башталышы жана токтотуу ордунан чыккан учур аягы болуп эсептелген акы төлөнүүчү токтотмого транспорт каражатын жайгаштыруу убагынын мезгили (токтотмо ордун пайдалануу);

**автотоктотмону пайдалануучу** – транспорт каражатын автотоктотмого киргизүүнү жана ага жайгаштырууну жүзөгө ашырган транспорт каражатын башкарган адам;

**авто коюу жайы –** ушул максаттар үчүн каралган аянтчаларда периметри боюнча тосмосу бар жана авто коюу жайынын күзөткө алынган аймагына эркин кирүүгө же чыгууга тоскоолдук түзгөн шлагбаумду же башка жабдыктарды орнотуу менен эркин жеткиликтүүлүк чектелген, атайын жабдылган, ыңгайлаштырылган орун (күнү-түнү иштеген режимде), ошондой эле транспорт каражаттарын коюу жана сактоо үчүн белгиленген тартипте ушул максаттар үчүн бөлүнгөн жеңилдетилген типтеги объекттер (гараждар) орнотулган жер участоктору;

**адистештирилген авто коюу жайы** – белгиленген тартипте эвакуацияланган транспорт каражаттарын убактылуу сактоо үчүн атайын бөлүнгөн жай;

**токтотмо орду** – автотоктотмодо жана/же авто коюу жайында акы төлөнүүчү негизде бир транспорт каражатын жайгаштыруу үчүн арналган атайын белгиленген жана зарыл болгон учурда жасалган жана жабдылган орун;

**ыйгарым укуктуу орган** – Бишкек шаарында муниципалдык автотоктотмолордун, авто коюу жайларынын иш-аракеттерин уюштуруу, башкаруу, тартипке келтирүү ыйгарым укугу берилген Бишкек шаарынын мэриясынын түзүмдүк бөлүмү/ишканасы.

## 2-глава. Автотоктотмолорду жана авто коюу жайларын уюштуруу тартиби

4. Автотоктотмолорду жана авто коюу жайларын уюштуруу схемасы Бишкек шаарынын мэриясынын ыйгарым укуктуу органынын (мындан ары-ыйгарым укуктуу орган) арызынын негизинде архитектура жана шаар куруу боюнча ыйгарым укуктуу орган тарабынан жол кыймылынын коопсуздугун камсыздоо чөйрөсүндө ыйгарым укуктуу орган менен макулдашуу боюнча иштелип чыгат.

5. Автотоктотмолорду түзүү жана пайдалануу жол кыймылына тоскоолдук жаратпоого, анын коопсуздугун төмөндөтпөөгө, Жол кыймылы эрежелеринин талаптарына каршы келбөөгө тийиш.

Автотоктотмолор тийиштүү жол белгилери жана жол бетиндеги чийиндер менен жабдылууга тийиш.

Автотоктотмолор жол кыймылын уюштуруунун кошумча техникалык каражаттары менен, ошондой эле автоматташтырылган система, анын ичинде видеофиксация каражаттары жана төлөмдү контролдоочу техникалык түзүлүштөр менен жабдылышы мүмкүн.

Автотоктотмолордун иштөө графиги жана режими Бишкек шаарынын мэриясы менен макулдашуу боюнча ыйгарым укуктуу орган тарабынан белгиленет.

6. Авто коюу жайлары күнү-түнү күзөтү менен, ушул максатта атайын каралган аянтчаларда транспорт каражаттарын күнү-түнү сактоо үчүн түзүлөт.

Авто коюу жайлары төмөнкүлөр менен жабдылууга тийиш:

башка адамдардын кирүүсүнө жол бербеген, эстетикалык көрүнүшкө ээ тосмосу менен;

периметри боюнча жарыктандыруусу менен;

күзөт үчүн жайы менен;

транспорт каражаттарынын эркин кирүүсүнө же чыгуусуна тоскоолдук түзгөн шлагбаум же башка орнотмолору менен.

Авто коюу жайларынын иштөө режими күнү-түнү болуп саналат.

## 3-глава. Автотоктотмолорду пайдалануу эрежелери

7. Автотоктотмонун ишин уюштуруу Бишкек шаарынын мэриясынын ыйгарым укуктуу органы тарабынан камсыздалат.

8. Автотоктотмодо орнотулган жол кыймылын уюштуруунун техникалык каражаттары, автотоктотмонун иштеши үчүн арналган акы төлөнүүчү автотоктотмолордун стационардык жабдуу элементтери автотоктотмонун бөлүгү болуп саналат.

9. Ыйгарым укуктуу орган төмөнкүлөргө милдеттүү:

Кыргыз Республикасынын мыйзамдарынын талаптарын сактоо менен автотоктотмонун иштешин камсыздоого;

ар бир адамга, анын ичинде жазуу жүзүндөгү арызы боюнча автотоктотмону пайдалануу эрежелери, токтотмо орундарын пайдалануу үчүн төлөмдүн өлчөмү, төлөмдөрдү төлөө тартиби жана ыкмалары жөнүндө маалыматтарды билдирүүгө;

автотоктотмонун жабдуу элементтеринин жарактуу болушун, сакталышын контролдоону жүзөгө ашырууга, аларды техникалык тейлөөнү жана күтүүнү камсыздоого;

калкты автотоктотмолордун иши жөнүндө маалымдоону, анын ичинде Интернеттин маалыматтык-телекоммуникациялык тармактарын пайдалануу менен маалымдоону камсыздоого.

10. Ыйгарым укуктуу орган автотоктотмолордо пайдалануучуларга көрүнүктүү жана ыңгайлуу жерге төмөнкүлөрдү камтыган маалыматтарды жайгаштырууга милдеттүү:

автотоктотмону пайдалануу эрежелери, анын ичинде автотоктотмонун иштөө режими;

автотоктотмого транспорт каражаттарын жайгаштыруу үчүн акы төлөө ыкмалары, тартиби жана өлчөмдөрү жөнүндө маалымат;

ыйгарым укуктуу органдын толук аталышы, дареги жана телефон номери.

11. Автотоктотмолорду пайдалануу төмөнкүдөй иш-чараларды өткөрүү мезгилинде токтотулат:

автотоктотмо жайгашкан автомобиль жолунун участогунда реконструкциялоо, капиталдык оңдоо, оңдоо боюнча жумуштарды жүргүзүүдө, автомобиль жол тилкесинин чегинде жайгашкан инженердик коммуникацияларды, автотоктотмонун аймагынын чегинен өтүүчү инженердик коммуникацияларды төшөө, жылдыруу, кайра орнотуу, оңдоо жумуштарын жүргүзүүдө;

автотоктотмолордун жабдуу элементтерин оңдоо боюнча жумуштарды жүргүзүүдө.

Автотоктотмолорду пайдалануу токтотулган мезгилде алардын аймагында транспорт каражаттарын жайгаштырууга тыюу салынат.

12. Автотоктотмонун пайдалануучусу төмөнкүлөргө милдеттүү:
автотоктотмонун пайдалануу эрежелерин сактоого;
белгиленген тартипте жана өлчөмдө автотоктотмону пайдалануу наркын төлөөгө;
автотоктотмонун аймагында тазалыкты жана тартипти сактоого.
13. Автотоктотмонун пайдалануучусуна төмөнкүлөргө тыюу салынат:
орун ээлеп коюуга жана башка адамдардын автотоктотмону пайдалануусу үчүн ар кандай тоскоолдуктарды жана чектөөлөрдү жаратууга;
автотоктотмонун жабдуу элементтерин бузууга;
автотоктотмонун аймагын булгоого;
ушул Жобонун 11-пунктунда көрсөтүлгөн иш-чаралар өткөрүлүп жаткан мезгилде автотоктотмого транспорт каражаттарын жайгаштырууга.
14. Автотоктотмонун пайдалануучулары токтотмонун пайдалануу эрежелери, автотоктотмону пайдалангандыгы үчүн акы төлөө өлчөмү, аны төлөөнүн тартиби жана ыкмалары жөнүндө маалымат алууга укуктуу.
15. Автотоктотмолорго жайгаштырууну контролдоо ыйгарым укуктуу орган тарабынан, анын ичинде автоматтык режимде иштеген атайын техникалык каражаттарды колдонуу менен жүзөгө ашырылат.
16. Акысыз жайгаштырылуучу төмөнкү транспорт каражаттарын кошпогондо, транспорт каражаттарын автотоктотмо орундарына жайгаштыруу акы төлөнүүгө тийиш болуп саналат:
тиешелүү таануу белгилери, графикалык боёк түсүнө жана жазуулары бар экстрендик оперативдик кызматтардын (медициналык тез жардамдын, өрт өчүрүү кызматынын, милициянын, авариялык-куткаруу кызматтарынын) транспорт каражаттары;
тиешелүү таануу белгилери менен белгиленген ден соолугунун мүмкүнчүлүгү чектелген адамдардын транспорт каражаттары.
Ден соолугунун мүмкүнчүлүгү чектелген адамдар транспорт каражаттарын ушул пунктта көрсөтүлгөн токтотмо орундан башка орунда жайгаштырган учурда, мындай жайгаштыруу ушул Жобого ылайык акы төлөнүүгө тийиш.
17. Транспорт каражаттарын жайгаштыруу үчүн төлөм Бишкек шаардык кеңеши тарабынан бекитилген өлчөмдө сааттык формада жүзөгө ашырылышы мүмкүн.
18. Токтотуу убактысынын аякташы автотоктотмону пайдалангандыгы үчүн акы төлөнгөн жана анын аймагынан чыгып кеткен учур эсептелет.
19. Транспорт каражатын автотоктотмодо жайгаштыруу үчүн төлөм токтотмону пайдалануучу тарабынан анын аймагынан чыгуу алдында төлөнөт.
20. Муниципалдык автотоктотмодо коюунун алгачкы 15 (он беш) мүнөтү акысыз болуп саналат.

## 4-глава. Авто коюу жайларын пайдалануу эрежелери

21. Авто коюу жайлары транспортту күнү-түнү сактоо үчүн арналган.

22. Авто коюу жайларындагы токтотмо орундарын пайдалануу акы төлөөнүүчү негизде жүзөгө ашырылат.

23. Авто коюу жайынын аймагына кирүүдө авто коюу жайынын жумушчусу транспорт каражатын тийиштүү журналга каттоону жүргүзөт. Транспорт каражатын жайгаштыруу үчүн төлөмдү фискалдык чекти сатып алуу же башка белгиленген төлөм жүргүзүү ыкмасы аркылуу жүзөгө ашырылат.

24. Авто коюу жайында транспорт каражаттарынын ээлерине төмөнкүлөргө тыюу салынат:

токтотмо орундарында транспорт каражаттарын эркин жайгаштырууга тоскоолдук түзүүгө;

транспорт каражатын токтотмо орундардын чектерин бузуу менен жайгаштырууга;

мамлекеттик каттоо белгиси окулбаган же бузулган, аны идентификациялоо оор болгон транспорт каражатын калтырууга;

авто коюу жайынын штаттык ишине тоскоолдук кылууга;

транспорт каражаттарынын авто коюу жайына киришине (чыгышына) бөгөт коюуга;

башка адамдардын авто коюу жайындагы токтотмолорду пайдалануусуна тоскоолдуктарды жана чектөөлөрдү жаратууга;

коомдук тартипти бузууга;

авто коюу жайынын аймагын булгоого;

авто коюу жайындагы токтотмо орундарын пайдалануунун белгиленген тартибин бузган башка аракеттерди жасоого.

## 5-глава. Корутунду жоболор

25. Муниципалдык автотоктотмолордо жана авто коюу жайларында автотранспорт каражаттарын токтотуу үчүн төлөмдүн өлчөмү Бишкек шаардык кеңеши тарабынан бекитилет.

26. Ыйгарым укуктуу органдын оперативдүү башкаруусунда турган автотоктотмолорду жана авто коюу жайларын пайдалануудан түшкөн пайда колдонуудагы мыйзамдарга ылайык Бишкек шаарынын бюджетине которулат жана бюджеттин кирешелеринин классификациясына ылайык Бишкек шаарынын бюджетинин кирешелеринин курамында эсепке алынат.

27. Автотоктотмолордо үчүнчү жактар тарабынан транспорт каражаттарына келтирилген уурдоо жана зыян келтирүү тобокелдиктерин транспорт каражаттарынын ээлери өз алдынча тартышат.

28. Авто коюу жайынын жумушчусунун күнөөсү боюнча авто коюу жайында сактоо учурунда транспорт каражатына зыян келтирилген учурда, зыяндын орду жумушчу же ыйгарым укуктуу орган тарабынан мыйзамдарда белгиленген тартипте толтурулат.

29. Автотоктотмо жана авто коюу мейкиндиктерин өнүктүрүү боюнча долбоорлорду ишке ашыруу Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык жүзөгө ашырылат.

30. Ушул Жобонун талаптарынын сакталбагандыгы үчүн ыйгарым укуктуу орган жана автотоктотмолордун жана авто коюу жайларынын пайдалануучулары Кыргыз Республикасынын Укук бузуулар жөнүндө кодексине ылайык жоопкерчилик тартышат.

**Бишкек шаардык кеңешинин аппарат жетекчиси** **И. Б. Аденов**

Бишкек шаардык кеңешинин
2026-жылдын «31» 03.
№ 90 токтомуна
2-тиркеме

## Бишкек шаарынын муниципалдык автотоктотмолорунда жана авто коюу жайларында автотранспорт каражаттарын токтотуу жана коюу үчүн акылардын өлчөмү

| № зона | Зонанын сүроттөлүшү | Наркы (сом) | Муниципалдык автотоктотмолордун иштөө режими |
|---|---|---|---|
| 1 | Чектелген зона:<br>Ж. Бөкөнбаев көчөсү,<br>С. Ибраимов көчөсү,<br>М. Фрунзе көчөсү,<br>Жаш Гвардия бульвары;<br><br>Базарларга, чакан базарларга жанаша жайгашкан көчөлөр; жайгашкан жерине көз карандысыз соода борборлорунун айланасында жайгашкан көчөлөр | 25 | саат 8:00дөн 20:00гө чейин |
| 2 | Чектелген зона:<br>И. Ахунбаев көчөсү,<br>Жибек Жолу проспекти,<br>Т. Айтматов көчөсү,<br>Ю. Фучик көчөсү,<br>№ 1 зонаны кошпогондо | 25 | саат 8:00дөн 20:00гө чейин |
| 3 | № 1, № 2 зоналарга кирбеген Бишкек шаарынын калган көчөлөрү | 25 | саат 9:00дөн 18:00гө чейин |

**Эскертүү:** Бишкек шаарынын муниципалдык авто коюу жайларынын иштөө режими күнү-түнү болуп саналат .

**Бишкек шаардык кеңешинин аппарат жетекчиси** **И. Б. Аденов**

Бишкек шаардык кеңешинин
2026-жылдын «31» 03.
№ 90 токтомуна
3-тиркеме

**Бишкек шаарынын акы алуунун жана сааттык тариф боюнча убакытты эсепке алуунун автоматташтырылган системасы бар муниципалдык автотоктотмолорунда автотранспорт каражаттарын токтотуу үчүн акылардын өлчөмү**

| Зона № | Зонаны сүрөттөлүшү | Наркы (сом) | |
|---|---|---|---|
| | | Алгачкы эки саатта | Кийинки сааттарда |
| 1 | Чектелген зона:<br>Т. Айтматов көчөсү (Аламүдүн дарыясы), Жибек-Жолу проспекти, Ю. Фучик көчөсү, И. Ахунбаев көчөсү;<br><br>Базарларга, чакан базарларга жанаша жайгашкан; жайгашкан жерине көз карандысыз соода борборлорунун айланасында жайгашкан көчөлөр | 50 | 10 |
| 2 | № 1 зонага кирбеген Бишкек шаарынын калган көчөлөрү | 30 | 10 |

Ишемби, жекшемби жана расмий майрам күндөрү муниципалдык автотоктотмолорду акысыз пайдалануу жүзөгө ашырылат.

**Бишкек шаардык кеңешинин аппарат жетекчиси** **И. Б. Аденов**

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**БИШКЕК ШААРДЫК КЕҢЕШИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**БИШКЕКСКИЙ ГОРОДСКОЙ КЕНЕШ**

# ТОКТОМ

# ПОСТАНОВЛЕНИЕ

31 марта 2026 г № 90
датасы, дата
Бишкек шаары, город Бишкек

**О вопросах регулирования деятельности муниципальных парковок и стоянок на территории города Бишкек**

В целях урегулирования вопросов, связанных с парковками и стоянками в городе Бишкек, а также создания благоприятной среды для транспортной системы, в соответствии со статьей 34 Закона Кыргызской Республики «О местной государственной администрации и органах местного самоуправления», Бишкекский городской кенеш

**ПОСТАНОВЛЯЕТ:**

1. Утвердить:

положение о муниципальных парковках и стоянках города Бишкек согласно приложению 1;

размер платы за парковку и стоянку автотранспортных средств на муниципальных парковках и стоянках города Бишкек согласно приложению 2;

размер платы за парковку автотранспортных средств на муниципальных парковках города Бишкек с автоматизированной системой взимания платы и учета времени по часовому тарифу согласно приложению 3.

2. Возложить персональную ответственность на курирующего заместителя мэра города Бишкек и директора муниципального предприятия «Городская дорожно-транспортная инфраструктура» за полное и своевременное исполнение доходной части бюджета, а также за реализацию настоящего постановления.

3. Мэрии города Бишкек:

принять иные меры, вытекающие из настоящего постановления;

проинформировать граждан и общественность о принятом постановлении, обеспечив его освещение в средствах массовой информации и на официальном сайте мэрии города Бишкек;

предоставлять в постоянную комиссию по жилищно-коммунальному хозяйству, топливно-энергетическому комплексу, транспорту, коммуникация и экологии Бишкекского городского кенеша информацию о ходе исполнения настоящего постановления, в том числе о финансовых показателях бюджета предприятия ежеквартально.

4. Зарегистрировать настоящее постановление и направить в Министерство юстиции Кыргызской Республики для включения в Государственный реестр нормативных правовых актов.

5. Признать утратившими силу:

1) постановление Бишкекского городского кенеша «Об утверждении ставки платы за стоянку автотранспорта на муниципальных автостоянках города Бишкек» от 3 декабря 2010 года № 206;

2) постановление Бишкекского городского кенеша «О порядке администрирования сборов, парковок и стоянок в городе Бишкек» от 30 июня 2016 года № 197;

3) постановление Бишкекского городского кенеша «Об утверждении Временного положения о порядке и условиях организации муниципальных платных парковок на территории города Бишкек» от 19 февраля 2020 года № 151.

6. Контроль за исполнением настоящего постановления возложить на постоянные комиссии по муниципальной собственности, земельным вопросам, градостроительству и архитектуре, по жилищно-коммунальному хозяйству, топливно-энергетическому комплексу, транспорту, коммуникациям и экологии, по вопросам совершенствования вновь присоединенных территорий к городу Бишкек, по экономике, бюджету, финансам и инвестициям Бишкекского городского кенеша, а также мэра города Бишкек (Джунушалиев А. Дж.).

7. Настоящее постановление вступает в силу по истечении семи дней со дня официального опубликования.

**Председатель**
**Бишкекского городского кенеша** **Б. Усепалиев**

Приложение 1
к постановлению Бишкекского
городского кенеша
от «31» 03 2026 года № 90

**Положение**
**о муниципальных парковках и стоянках города Бишкек**

## Глава 1. Общие положения

1. Настоящее Положение о муниципальных парковках и стоянках города Бишкек (далее – Положение) регулирует порядок организации и пользования муниципальными парковками и стоянками, расположенными на территории города Бишкек.

2. Муниципальные парковки и стоянки города Бишкек (далее парковки и стоянки) создаются в целях организованного временного размещения транспортных средств, увеличения пропускной способности автомобильных дорог и повышения безопасности дорожного движения.

3. В настоящем Положении используются следующие понятия:

**парковка** – специально обозначенное, обустроенное и оборудованное место, являющееся, в том числе, частью автомобильной дороги и предназначенное для организованной парковки транспортных средств на платной основе с установленными границами;

**парковочное время** – период времени размещения транспортного средства на платной парковке (пользования парковочным местом), началом которого считается время въезда и постановки транспортного средства на парковочное место, а окончанием – момент выезда с парковочного места;

**пользователь парковки** – лицо, управляющее транспортным средством, осуществившее въезд на парковку и разместившее на ней транспортное средство;

**стоянка** – специально оборудованное место, обустроенное на предусмотренных для этих целей площадках, имеющее ограждение по периметру, и свободный доступ к которому ограничивается установлением шлагбаума или иных приспособлений, препятствующих свободному въезду или выезду с охраняемой территории стоянки (с круглосуточным режимом работы), а также земельные участки с установленными объектами облегченного типа (гараж), отведенные для этих целей в установленном порядке для постановки и хранения транспортных средств;

**специализированная стоянка** – специально отведенное место, предназначенное для временного хранения транспортных средств, эвакуированных в установленном порядке.

**парковочное место** – специально обозначенное и при необходимости обустроенное и оборудованное место на парковке и/или на стоянке,

предназначенное для размещения одного транспортного средства на платной основе;

**уполномоченный орган** – подразделение/предприятие мэрии города Бишкек, наделенное полномочиями организации, управления, упорядочения деятельности муниципальных парковок, стоянок в городе Бишкек.

## Глава 2. Порядок организации парковок и стоянок

4. Схема организации парковок и стоянок разрабатывается уполномоченным органом по архитектуре и градостроительству на основании заявления уполномоченного органа мэрии города Бишкек (далее – уполномоченный орган) по согласованию с уполномоченным органом в сфере обеспечения безопасности дорожного движения.

5. Создание и использование парковок не должно создавать помех дорожному движению, снижать его безопасность, противоречить требованиям Правил дорожного движения.

Парковки должны быть оборудованы соответствующими дорожными знаками и нанесенной дорожной разметкой.

Парковки могут быть оборудованы дополнительными техническими средствами организации дорожного движения, а также автоматизированной системой, в том числе средствами видеофиксации и техническими устройствами контроля оплаты.

График и режим работы парковок устанавливается уполномоченным органом по согласованию с мэрией города Бишкек.

6. Стоянки создаются для посуточного хранения транспортных средств на специально предусмотренных для этих целей площадках, с круглосуточной охраной.

Стоянки должны быть оборудованы:

ограждением, не допускающим проникновения посторонних лиц и имеющим эстетичный вид;

освещением по периметру;

помещением для охраны;

шлагбаумом или иными приспособлениями, создающими препятствия свободному въезду или выезду транспортных средств.

Режим работы стоянок является круглосуточным.

## Глава 3. Правила пользования парковками

7. Организация работы парковки обеспечивается уполномоченным органом мэрии города Бишкек.

8. Технические средства организации дорожного движения, установленные на парковке, стационарные элементы обустройства платной парковки, предназначенные для функционирования парковки, являются частью парковки.

9. Уполномоченный орган обязан:

обеспечить работу парковки с соблюдением требований законодательства Кыргызской Республики;

сообщать любому лицу, в том числе по его письменному заявлению, сведения о правилах пользования парковкой, размере платы за пользование парковкой, порядке и способах внесения платы;

осуществлять контроль над исправностью, сохранностью элементов обустройства парковки, обеспечить их техническое обслуживание и содержание;

обеспечить информирование населения о работе парковок, в том числе с использованием информационно-телекоммуникационной сети Интернет.

10. Уполномоченный орган обязан разместить на парковках в наглядной форме и месте, удобном для обозрения пользователями парковки, информацию, содержащую:

правила пользования парковкой, в том числе режим работы парковки;

сведения о способах, порядке и размерах оплаты за размещение на парковке транспортных средств;

полное наименование, адрес и номер телефона уполномоченного органа.

11. Использование парковок приостанавливается на время проведения следующих мероприятий:

производства работ по реконструкции, капитальному ремонту, ремонту участка автомобильной дороги, на котором находится парковка, работ по прокладке, переносу, переустройству, ремонту инженерных коммуникаций, расположенных в границах полосы отвода автомобильной дороги, инженерных коммуникаций, проходящих в границах территории парковки;

проведения работ по ремонту элементов обустройства парковок.

На период приостановления использования парковок запрещено размещение транспортных средств на их территории.

12. Пользователь парковки обязан:

соблюдать правила пользования парковкой;

платить стоимость пользования парковкой в установленном порядке и размере;

соблюдать чистоту и порядок на территории парковки.

13. Пользователю парковки запрещается:

резервировать места и создавать иные препятствия и ограничения другим лицам в пользовании парковкой;

разрушать элементы обустройства парковки;

загрязнять территорию парковки;

размещать транспортные средства на парковке в период проведения на ее территории мероприятий, указанных в пункте 11 настоящего Положения.

14. Пользователи парковок имеют право получать информацию о правилах пользования парковкой, размере платы за пользование парковкой, порядке и способах ее внесения.

15. Контроль над размещением транспортных средств на парковках осуществляется уполномоченным органом, в том числе с использованием специальных технических средств, работающих в автоматическом режиме.

16. Размещение транспортных средств на местах парковок является платным, за исключением бесплатного размещения следующих транспортных средств:

экстренных оперативных служб (медицинской скорой помощи, пожарной службы, милиции, аварийно-спасательной службы), имеющих соответствующие опознавательные знаки, цвет графическую окраску и надписи;

транспортных средств людей с ограниченными возможностями здоровья, обозначенных соответствующими опознавательными знаками.

В случае размещения транспортных средств людей с ограниченными возможностями здоровья не на парковочных местах, указанных в настоящем пункте, такое размещение подлежит оплате в соответствии с настоящим Положением.

17. Плата за размещение транспортных средств может осуществляться в почасовой форме в размере утвержденной Бишкекским городским кенешем.

18. Окончанием парковочного времени считается момент оплаты за пользование парковкой и выезда с ее территории.

19. Оплата за размещение транспортного средства на парковке вносится пользователем парковки перед выездом с ее территории.

20. Первые 15 (пятнадцать) минут стоянки на муниципальной парковке предоставляются бесплатно.

## Глава 4. Правила пользования стоянками

21. Стоянки предназначены для суточного хранения транспортного средства.

22. Пользование парковочными местами на стоянках осуществляется на платной основе.

23. При въезде на территорию стоянки работник стоянки производит регистрацию транспортного средства в соответствующем журнале. Оплата за размещение транспортного средства осуществляется путем приобретения фискального чека или другим установленным способом оплаты.

24. Владельцам транспортных средств на стоянке запрещается:

создавать препятствия к свободному размещению транспортных средств на парковочных местах;

размещать транспортное средство с нарушением границ парковочных мест;

оставлять транспортное средство с нечитаемым государственным регистрационным знаком или с повреждениями, затрудняющими его идентификацию;

препятствовать штатной работе стоянки;

блокировать въезд (выезд) транспортных средств на стоянку;

создавать препятствия и ограничения другим лицам в пользовании парковочными местами на стоянке;

нарушать общественный порядок;

загрязнять территорию стоянки;

совершать иные действия, нарушающие установленный порядок использования парковочных мест на стоянке.

## Глава 5. Заключительные положения

25. Размеры платы за парковку и стоянку автотранспортных средств на муниципальных парковках и стоянках, утверждаются Бишкекским городским кенешем.

26. Прибыль от использования парковок и стоянок, находящихся в оперативном управлении уполномоченного органа, перечисляется в бюджет города Бишкек в соответствии с действующим законодательством и учитывается в составе доходов бюджета города Бишкек согласно классификации доходов бюджета.

27. Риски угона и ущерба, причиненного транспортным средствам третьими лицами на парковках, владельцы транспортных средств несут самостоятельно.

28. Вред, причиненный транспортному средству при его хранении на стоянке по вине работника стоянки, возмещается работником или уполномоченным органом в установленном законодательством порядке.

29. Реализация проектов по развитию парковочных и стояночных пространств осуществляется в соответствии с законодательством Кыргызской Республики.

30. За несоблюдение требований настоящего Положения уполномоченный орган, и пользователи парковок и стоянок несут ответственность в соответствии с Кодексом Кыргызской Республики о правонарушениях.

**Руководитель аппарата**
**Бишкекского городского кенеша** **И. Б. Аденов**

Приложение 2
к постановлению Бишкекского
городского кенеша
от «31» 03. 2026 года
№ 90

**Размеры платы за парковку и стоянку автотранспортных средств на муниципальных парковках и стоянках города Бишкек**

| Зона № | Описание зоны | Стоимость (сом) | Режим работы муниципальных парковок |
|---|---|---|---|
| 1 | Зона, ограниченная:<br>ул. Ж. Боконбаева,<br>ул. С. Ибраимова,<br>ул. М. Фрунзе,<br>бул. Молодая Гвардия;<br>улицы, прилегающие к рынкам, малым рынкам; расположенные вокруг торговых центров, независимо от их местоположения | 25 | с 8.00 до 20.00 часов |
| 2 | Зона, ограниченная:<br>ул. И. Ахунбаева,<br>пр. Жибек-Жолу,<br>ул. Т. Айтматова,<br>ул. Ю. Фучика, за исключением зоны № 1 | 25 | с 8.00 до 20.00 часов |
| 3 | Остальные улицы в городе Бишкек, не вошедшие в зоны № 1, № 2 | 25 | с 9.00 до 18.00 часов |

**Примечание:** Режим работы муниципальных стоянок города Бишкек является круглосуточным.

**Руководитель аппарата**
**Бишкекского городского кенеша** **И. Б. Аденов**

Приложение 3
к постановлению Бишкекского
городского кенеша
от «31» 03. 2026 года № 90

**Размер платы за парковку автотранспортных средств на муниципальных парковках города Бишкек с автоматизированной системой взимания платы и учета времени по часовому тарифу**

| Зона № | Описание зоны | Стоимость (сом) | |
|---|---|---|---|
| | | Первые два часа | Последующие часы |
| 1 | Зона, ограниченная:<br>ул. Т. Айтматова (река Аламудун),<br>пр. Жибек-Жолу,<br>ул. Ю. Фучика,<br>ул. И. Ахунбаева;<br>улицы, прилегающие к рынкам, малым рынкам; расположенные вокруг торговых центров, независимо от их местоположения | 50 | 10 |
| 2 | Остальные улицы города Бишкек не вошедшие в зону № 1 | 30 | 10 |

В субботу, воскресенье и официальные праздничные дни пользование муниципальными парковками осуществляется бесплатно.

**Руководитель аппарата**
**Бишкекского городского кенеша** **И. Б. Аденов**